# Көз карандысыз аудиторлордун отчету

Грант Торнтон ЖЧК

КР, 720001 Бишкек,
Токтогул көч. 125/1

Т. +996 312 97 94 90,
Ф. +996 312 97 94 91

**Grant Thornton LLC**
125/1 Toktogul Str.
720001 Bishkek, KR

T + 996 312 97 94 90
F + 996 312 97 94 91
www.grantthornton.kg

«Байлык Финанс» Микрокредиттик компаниясы ЖАКнын Акционерлерине жана Директорлор Кеңешине:

*Пикир*

Биз «Байлык Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖАКнын (мындан ары – «Компания») 2023-жылдын 31-декабрына карата финансылык абалы жөнүндө отчеттон, пайда же чыгаша жана башка жалпы киреше жөнүндө отчеттон, капиталдагы өзгөртүүлөр жөнүндө отчеттон жана көрсөтүлгөн күнү аяктаган жылдагы акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчеттон, ошондой эле финансылык отчеттуулукка эскертүүлөрдөн, анын ичинде эсеп саясатынын негизги жоболорунун кыска серебинен турган, тиркелген финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүздүк.

Биздин пикирибиз боюнча, тиркелген финансылык отчеттуулук Эл аралык финансылык отчеттуулук стандарттарына (мындан ары – «ФОЭС») ылайык, 2023-жылдын 31-декабрына карата Компаниянын финансылык абалын, ошондой эле көрсөтүлгөн күнү аяктаган жылдагы финансылык жыйынтыктарын жана акча каражаттарынын кыймылын бардык олуттуу мамилелери боюнча так чагылдырат.

*Пикир билдирүү үчүн негиз*

Биз аудитти Эл аралык аудит стандарттарына (мындан ары – «ЭАС») ылайык жүргүздүк. Бул стандарттарга ылайык биздин милдеттерибиз биздин аудитордук корутундубуздун «Финансылык отчеттуулукка аудит үчүн аудитордун жоопкерчилиги» бөлүмүндө баяндалган. Биз Кыргыз Республикасындагы финансылык отчеттуулуктун аудитине тиешелүү этикалык талаптарга ылайык Компаниядан көз карандысыз болуп саналабыз жана бул талаптарга ылайык башка этикалык милдеттерди аткардык. Биз алган аудитордук далилдер биздин пикирибизди билдирүү үчүн негиз катары жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналат деп эсептейбиз.

*Башка маалымат*

«Байлык Финанс» Микрокредиттик компаниясы» жабык акционердик коомунун 2022-жылдын 31-декабрында аяктаган жылдагы финансылык отчеттуулугунун аудити башка аудитор тарабынан жүргүзүлгөн, ал 2023-жылдын 28-февралында аталган отчеттуулук боюнча модификацияланбаган пикирди билдирген.

*Финансылык отчеттулук үчүн жетекчиликтин жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү адамдардын жоопкерчилиги*

Жетекчилик көрсөтүлгөн финансылык отчеттуулукту ФОЭС талаптарына ылайык даярдоо жана ишенимдүү берүү үчүн жана жетекчилик финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн зарыл деп эсептеген, ак ниеттүү эмес аракеттердин же каталардын кесепетинде олуттуу бурмалоолорду камтыбаган ички контролдоо системасы үчүн жоопкерчилик тартат.

Финансылык отчеттуулукту даярдоодо жетекчилик Компаниянын үзгүлтүксүз өз ишин улантууга жөндөмдүүлүгүн баалоо үчүн, тиешелүү учурларда иштин үзгүлтүксүздүгүнө тиешелүү болгон маалыматтарды ачыкка чыгаруу үчүн жана жетекчилик Компанияны жоюуну, анын ишин токтотууну көздөгөн же анда жоюу же ишин токтотуудан башка кандайдыр бир реалдуу альтернативасы жок болгон учурлардан тышкары, иштин үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомолдордун негизинде отчеттуулукту түзүү үчүн жоопкерчилик.

Корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу адамдар Компаниянын финансылык отчеттуулугун даярдоону көзөмөлдөө үчүн жоопкерчилик тартышат.

*Финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн аудитордун жоопкерчилиги*

Биздин максат финансылык отчеттуулук ак ниеттүү эмес иш-аракеттердин же каталардын кесепетинде олуттуу бурмалоолорду камтыбай турганына акылга сыярлык ишенимдүүлүктү алууда, биздин пикирибизди камтыган аудитордук корутундуну түзүүдө турат. Акылга сыярлык ишенимдүүлүк ишенимдүүлүктүн жогорку деңгээли болуп саналат, бирок ЭАСга ылайык өткөрүлгөн аудит ар дайым олуттуу бурмалоону аныктай турганына кепилдик болуп саналбайт. Бурмалоолор ак ниеттүү эмес иш-аракеттердин же каталардын жыйынтыгы болушу мүмкүн жана эгерде өзүнчө же жалпысынан алар ушул финансылык отчеттуулуктун негизинде колдонуучулар кабыл алган экономикалык чечимдерге таасирин тийгизиши мүмкүн деп негиздүү божомолдоого мүмкүн болсо, олуттуу деп эсептелет.

ЭАСга ылайык жүргүзүлгөн аудиттин алкагында, биз кесипкөй пикирди колдонобуз жана бүтүндөй аудит аралыгында кесипкөй скептицизмди сактайбыз. Мындан тышкары биз төмөндөгүлөрдү аткарабыз:

- ак ниеттүү эмес иш-аракеттердин же каталардын кесепетинде финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктайбыз жана баалайбыз; бул тобокелдиктерге жооп катары аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгабыз жана өткөрөбүз; биздин пикирибизди билдирүү үчүн негиз катары кызмат кылууда жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналган аудитордук далилдерди алабыз. Ак ниеттүү эмес иш-аракеттердин натыйжасында олуттуу бурмалоону аныктабоо тобокелдиги катанын натыйжасындагы олуттуу бурмалоону аныктабоо тобокелдигине караганда жогору, анткени ак ниеттүү эмес иш-аракеттер көмүскө бүтүмдү, жасалмачылыкты, атайлап өткөрүп жиберүүнү, маалыматты бурмалап берүүнү же ички контролдоо системасын кыйгап өткөн иш-аракеттерди камтышы мүмкүн;
- Компаниянын ички контролдоо системасынын натыйжалуулугу жөнүндө пикирди билдирүү максатында эмес, жагдайларга ылайык келген аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында аудит үчүн мааниге ээ болгон ички контролдоо системасынан түшүнүк алабыз;
- колдонулган эсеп алуу саясатынын талаптагыдай мүнөзүн, бухгалтердик баалоолордун жана жетекчилик даярдаган маалыматты тиешелүү ачыкка чыгаруунун негиздүүлүгүн баалайбыз;
- Компаниянын жетекчилиги тарабынан иштин үзгүлтүксүздүгү жөнүндө болжолдорду пайдалануусунун укук ченемдүүлүгү жөнүндө тыянакты, ал эми алынган аудитордук далилдердин негизинде – жыйынтыгында Компаниянын өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө олуттуу шектенүүлөр жаралышы мүмкүн болгон окуяларга же шарттарга байланыштуу олуттуу белгисиздик бар же жок экендиги жөнүндө тыянакты жасайбыз. Эгерде биз олуттуу белгисиздиктин болушу жөнүндө тыянакка келсек, биз аудитордук корутундуда финансылык отчеттуулукта ачыкка чыгарылган тиешелүү маалыматка көңүл бурушубуз керек, же мындай маалыматты ачыкка чыгаруу жетишсиз болсо, пикирибизди модификациялашыбыз керек. Биздин тыянактарыбыз аудитордук корутундубуздун датасына чейин алынган аудитордук далилдерге негизделген. Бирок келечектеги окуялар же шарттар Компаниянын өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүн алып келиши мүмкүн;
- финансылык отчеттуулуктун жалпысынан берилишине, анын түзүмүнө жана мазмунуна, анын ичинде маалыматты ачыкка чыгарууга, ошондой эле финансылык отчеттуулук анын негизинде жаткан операцияларды жана окуяларды аларды ишенимдүү бергендей камсыздалганына баалоо жүргүзөбүз;

Биз корпоративдик башкаруу үчүн жооп берген адамдарга маалыматтарды, биринчи кезекте, аудиттин пландаштырылган көлөмү жана мөөнөтү жөнүндө, ошондой эле аудиттин жыйынтыктары боюнча олуттуу эскертүүлөр жөнүндө, анын ичинде биз аудит процессинде аныктаган ички контролдоо системасынын олуттуу кемчиликтери жөнүндө маалыматты жеткирип, алар менен маалыматтык өз ара иш алып барууну жүзөгө ашырабыз.

Grant Thornton

Ошондой эле биз корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу адамдарга маалымдаган маселелердин ичинен биз үстүдөгү мезгилдеги финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн эң маанилүү болгон жана ага ылайык аудиттин негизги маселелери болуп саналган маселелерди аныктайбыз. Бул маселелер тууралуу маалыматты ачыкка чыгаруу мыйзамда же ченемдик актыда тыюу салынган же өтө сейрек учурларда биз кандайдыр бир маселе жөнүндө маалымат биздин корутундуда маалымдалбашы керек, анткени мындай маалыматты билдирүүнүн терс кесепеттери аны билдирүүнүн коомдук маанилүү пайдасынан жогору деген тыянакка келген учурлардан тышкары, бул маселелерди биздин аудитордук корутундубузда баяндайбыз.

Армен Ванян
Директор/Өнөктөш
Аудитордун квалификациялык сертификаты.
2016-жылдын 11-июлундагы серия А №0264

2024-жылдын 26-февралы
Бишкек

Грант Торнтон ЖЧК
Аудитордук ишти жүргүзүүгө лицензия.
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансылык рынокту жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы, 2013-жылдын 3-майы

**Перевод организован с русского языка на кыргызский язык выполнен переводчиком Жокушовой Жанат Кудайбергеновной**

# «БАЙЛЫК ФИНАНС» МИКРОКРЕДИТТИК КОМПАНИЯСЫ» ЖАК

## 2023-Ж. 31-ДЕКАБРЫНДА АЯКТАГАН ЖЫЛДАГЫ ПАЙДА ЖЕ ЧЫГАША ЖАНА БАШКА ЖАЛПЫ КИРЕШЕ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

*(миң кыргыз сому менен)*

| | Эскер. | 2023-ж. 31-декабрында бүткөн жыл үчүн | 2022-ж. 31-декабрында бүткөн жыл үчүн |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 4 | 1,500,776 | 996,792 |
| Пайыздык чыгашалар | 4 | (602,223) | (429,533) |
| ПАЙЫЗДАР ЧЕГЕРИЛГЕН АКТИВДЕР БОЮНЧА КҮТҮЛГӨН КРЕДИТТИК ЧЫГЫМДАРГА РЕЗЕРВДЕРДИ ТҮЗҮҮ ҮЧҮН ЧЫГЫМДАРГА ЧЕЙИНКИ ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ | 4 | 898,553 | 567,259 |
| Пайыздар чегерилген активдер боюнча күтүлгөн кредиттик чыгымдар үчүн резервдерди түзүү | 7 | (34,992) | (27,342) |
| ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ | | 863,561 | 539,917 |
| Комиссиялык кирешелер | | 63,284 | 54,913 |
| ПЧААНБ категориясынын башка финансылык инструменттери боюнча таза чыгым | 6 | (68,747) | (65,504) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза чыгым | 7 | (39,885) | (715) |
| Башка активдер боюнча резервдерди түзүү | 5 | (4,609) | - |
| Пайыздар чегерилбеген активдер боюнча күтүлгөн кредиттик чыгымдар үчүн резервдерди (түзүү)/калыбына келтирүү | 5 | (781) | (31) |
| Башка кирешелер | 8 | 34,212 | 25,156 |
| ТАЗА ПАЙЫЗДЫК ЭМЕС КИРЕШЕ | | (16,526) | 13,819 |
| Операциялык чыгашалар | 9 | (602,064) | (462,185) |
| ПАЙДАГА САЛЫККА ЧЕЙИНКИ ПАЙДА | | 244,971 | 91,551 |
| Пайдага салык боюнча чыгашалар | 10 | (28,338) | (11,765) |
| ТАЗА ПАЙДА | | 216,633 | 79,786 |
| БАРДЫГЫ ЖАЛПЫ КИРЕШЕ | | 216,633 | 79,786 |

**Компаниянын Жетекчилигинин атынан:**

**Молдажанова Чинара**
**Башкы директор**

2024-ж. 26-февраль
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Джусупова Мая**
**Башкы бухгалтер**

2024-ж. 26-февраль
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

# «БАЙЛЫК ФИНАНС» МИКРОКРЕДИТТИК КОМПАНИЯСЫ» ЖАК

## 2023-Ж. 31-ДЕКАБРГА КАРАТА АБАЛ БОЮНЧА ФИНАНСЫЛЫК АБАЛ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

*(миң кыргыз сому менен)*

| | Эскер. | 2022-ж. 31-декабрь | 2022-ж. 31-декабрь |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | | |
| Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 11 | 388,490 | 165,883 |
| Банктардагы депозиттер жана акча каражаттары | 12 | 15,811 | 30,154 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 13 | 4,375,507 | 3,206,807 |
| Пайда же чыгаша аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык инструменттер | 14 | 37,791 | 91,405 |
| Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 15 | 37,965 | 38,434 |
| Пайдалануу укугу формасындагы активдер | 16 | 35,153 | 52,075 |
| Кийинкиге калтырылган салык активи | 12 | 1,498 | 12,496 |
| Башка активдер | 17 | 49,493 | 38,193 |
| БАРДЫГЫ АКТИВДЕР | | 4,941,708 | 3,635,447 |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | | |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | |
| Алынган зайымдар | 18 | 3,879,284 | 2,833,888 |
| Субординацияланган зайым | 19 | 94,376 | 93,507 |
| Ижара боюнча милдеттенмелер | 18 | 37,299 | 58,741 |
| Карыз алуучулардын алдын ала төлөөлөрү | | 52,480 | 45,758 |
| Башка милдеттенмелер | 20 | 111,044 | 52,961 |
| | | 4,174,483 | 3,084,855 |
| **КАПИТАЛ** | | | |
| Уставдык капитал | 21 | 250,000 | 250,000 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 517,225 | 300,592 |
| | | 767,225 | 550,592 |
| БАРДЫГЫ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ | | 4,941,708 | 3,635,447 |

**Компаниянын Жетекчилигинин атынан:**

**Молдажанова Чинара**
**Башкы директор**

2024-ж. 26-февраль
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Джусупова Мая**
**Башкы бухгалтер**

2024-ж. 26-февраль
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

# «БАЙЛЫК ФИНАНС» МИКРОКРЕДИТТИК КОМПАНИЯСЫ» ЖАК

## 2023-Ж. 31-ДЕКАБРДА АЯКТАГАН ЖЫЛДАГЫ КАПИТАЛДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

*(миң кыргыз сому менен)*

| | Эскер. | Уставдык капитал | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Бардыгы капитал |
|---|---|---|---|---|
| 2022-ж. 1-январына карата сальдо | | 250,000 | 249,306 | 499,306 |
| **Жалпы киреше** | | | | |
| Пайда | | - | 79,786 | 79,786 |
| **Бардыгы жалпы киреше** | | - | 79,786 | 79,786 |
| **Менчик ээлери менен операциялар** | | | | |
| Дивиденддерди төлөө | 21 | - | (28,500) | (28,500) |
| **Бардыгы менчик ээлери менен операциялар** | | - | (28,500) | (28,500) |
| 2022-ж. 31-декабрына карата сальдо | | 250,000 | 300,592 | 550,592 |
| **Жалпы киреше** | | | | |
| Пайда | | - | 216,633 | 216,633 |
| **Бардыгы жалпы киреше** | | - | 216,633 | 216,633 |
| 2022-ж. 31-декабрына карата сальдо | | 250,000 | 517,225 | 767,225 |

**Компаниянын Жетекчилигинин атынан:**

**Молдажанова Чинара**
**Башкы директор**
2024-ж. 26-февраль
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Джусупова Мая**
**Башкы бухгалтер**
2024-ж. 26-февраль
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

# «БАЙЛЫК ФИНАНС» МИКРОКРЕДИТТИК КОМПАНИЯСЫ» ЖАК

## 2023-Ж. 31-ДЕКАБРДА АЯКТАГАН ЖЫЛДАГЫ АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

*(миң кыргыз сому менен)*

| | Эскер. | 2023-ж. 31-декабрында бүткөн жыл үчүн | 2022-ж. 31-декабрында бүткөн жыл үчүн |
|---|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ:** | | | |
| Алынган пайыздар | | 1,477,452 | 970,555 |
| Төлөнгөн пайыздар | | (583,539) | (395,182) |
| Алынган комиссиялар | | 63,284 | 54,913 |
| Алынган башка кирешелер | 8 | 34,212 | 25,156 |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча чыгым | 7 | (1,347) | (194) |
| Финансылык инструменттер менен операциялар боюнча финансылык (чыгаша)/киреше | 6 | (101,428) | (62,331) |
| Төлөнгөн операциялар чыгашалар | | (549,348) | (414,792) |
| Операциялаык активдерди жана милдеттенмелерди өзгөртүүгө чейин операциялык иштен түшкөн акча каражаттарынын кыймылы | | 339,286 | 178,125 |
| **Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүшү:** | | | |
| Финансылык уюмдардагы депозиттер жана акча каражаттары | | 14,200 | 12,067 |
| Кардарларга берилген кредиттер | | (1,180,225) | (690,784) |
| Пайда же чыгаша аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык инструменттер | | 86,295 | (68,467) |
| Башка активдер | | (16,172) | (26,755) |
| Карыз алуучулардын алдын ала төлөөлөрү | | 6,722 | 11,315 |
| Башка милдеттенмелер | | 58,524 | 10,612 |
| Пайдага салыкты төлөгөнгө чейин операциялык иштен түшкөн акча каражаттарынын агылып чыгуусу | | (691,370) | (573,887) |
| Төлөнгөн пайдага салык | | (17,822) | (14,709) |
| Операциялык иштен түшкөн акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу: | | (709,192) | (588,596) |
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ:** | | | |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | 15 | (30,755) | (34,293) |
| Инвестициялык иштен түшкөн акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу: | | (30,755) | (34,293) |

# «БАЙЛЫК ФИНАНС» МИКРОКРЕДИТТИК КОМПАНИЯСЫ» ЖАК

## 2023-Ж. 31-ДЕКАБРДА АЯКТАГАН ЖЫЛДАГЫ АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ (УЛАНДЫСЫ)

*(миң кыргыз сому менен)*

| | Эскер. | 2023-ж. 31-декабрында бүткөн жыл үчүн | 2022-ж. 31-декабрында бүткөн жыл үчүн |
|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ:** | | | |
| Төлөнгөн дивиденддер | 21 | - | (28,500) |
| Алынган зайымдар боюнча түшүүлөр | 18 | 2,929,030 | 1,944,700 |
| Алынган зайымдарды төлөө | 18 | (1,938,019) | (1,350,161) |
| Субординацияланган зайым боюнча акча каражаттарынын түшүүлөрү | 19 | - | 93,975 |
| Ижара боюнча милдеттенмелерди төлөө | | (26,635) | (19,413) |
| Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү: | | 964,376 | 640,601 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИНИН ТАЗА КӨБӨЙҮШҮ (АЗАЙЫШЫ) | | 224,429 | 17,712 |
| Чет өлкө валюта курсунун өзгөрүшүнүн чет олкө валютасындагы акча каражаттарынын калдыгына таасири | | (1,041) | (3,450) |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жылдын башында | 11 | 166,257 | 151,995 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жылдын аягында | 11 | 389,645 | 166,257 |

**Компаниянын Жетекчилигинин атынан:**

**Молдажанова Чинара**
**Башкы директор**

2024-ж. 26-февраль
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Джусупова Мая**
**Башкы бухгалтер**

2024-ж. 26-февраль
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы